Турдугулов А.Т.

# АДАБИЯТ МЕНЕН ИСКУССТВОНУН ПОЛИСЕМАНТИКАЛЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ

*В статье раскрывается **полисемантикафункции** произведений литературы и искусства. В частности такие функции, как, компенсаторная, **познавательнач, эвристичсекая,** художественно-концептуальная, информационно-коммуникативная, воспитательная, эстетическая и гедонистическая.*

Адабият менен **искусствонун** объектиси жана предмета.

♦**Адабият** жана искусствонун предмета менен **максатынын биримдиги**.

♦Адабияттын, искусствонун **коомдук — тузуучулук** жана **компенсатордук функциясы.**

♦**Адабият** менен искусствонун **таанып - билуучулук** жана **эвристикалык** функциясы.

♦Адабият менен искусствонун **көркөм — концептуалдык** функциясы.

♦**Адабият** менен искусствонун келечекти **алдын** ала **көруу, сезуу** функциясы.

♦Адабият менен искусствонун **таалим - тарбиялык** функциясы.

♦Адабият менен искусствонун **ынандыруучулук** жана **ишендируучулук** функциясы.

♦Адабият менен искусствонун **эстетикалык** функциясы.

♦**Адабият** менен искусствонун **гедонисттик** функциясы.

Коомдук **ан-сезимдин** бир **формасы** катары **адабияттын**, искусствонун объектиси **философия** жана **билимдин** башка **тармактары сыяктуу** эле — **аалам, дүйнө**. Бирок **илимдин** ар бир **тармагы ааламды, дүйнөнү өзүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрүн ылайык** чагылдырып берет.

Адабияттын жана искусствонун **предмети адамдын** жан **дүйнөсү аркылуу** аны курчап турган дуйнену чагылдырып **беруудөгу** ыкма, жолдордо. Адабияттын **искусствонун** предмети - бул **адам** менен **ааламдын, табияттын, дүйнөнүн биримдигин камсыз кы**[illegible] **реалдуулук.**

Адабияттын жана искусствонун **предметинин** жана **максатынын спецификалык өзгөчөлүгү - адабиятта, искусстводо, дүйнөнү**, ааламды **өздөштүрүүнүн** формаеы - **бул** керкем образ.

**Ошону** менен **бирге** адабияттын, искусствонун предметинин жана **максатынын өзгөчөлүгү - образдуу** ой **жүгүртүүнүн ыкмасын шарттайт**, бул - керкем метод.

**Мейли жаратылышта, мейли коомдо, мейли илимде** же адамдын жан **дүйнөсүн** болсун адабият, искусство **өздөштүрө** албаган же аны кызыктырбаган маселе жок. Аалам же **болбосо дүйнө илимий изилдөөлөрдүн** гана объектиси эмес, ал көркөм **чагылдыруунун** да объектиси. **Мында** практикасынын мааниси чон. Практика гана аалам **кубулуштары** менен **адамды байланыштырат**. Адам **кандайдыр** бир **практикалык муктаждыктан** улам **предметке буюмга кайрылат. Айталы, эгер** ал **суусап турса** суу **ичүү** **үчүн**. Герде, **стереометриянын** маселесин **түшүнгүсү** келсе **стаканды** цилиндр **катары** **пайдаланат**. Демек, **практиканын жардамы** менен **буюм** ар **кандай жак** **ылайыкташтырылат**.

Суреткер менен **илимпоздун** дуйнену **өздөштүрүүдөгү практикасы** ар **кандай**. **Чыгармачыл адам өзүнүн** жан дуйне **абалы** менен **эсептешет**. Мында **анын практикасы** **максаты** кандай **болуш** керек. Ошол максат адабият менен **искусствого мүнөздүү. Адабият** менен искусство **адамга багытталган. Анын негизги** максаты гуманизм, адамдын **бак** **таалайы, инсандын** толук **кандуу турмушу, өмүрү**. Анын **функциясы** да кеп **кырд**[illegible] таанып билет, **тарбиялайт**, келечекти **аныктайт**. Адамдын тил, краска, **үн, кый**[illegible] гапноздун жардамы менен ынандырат. Ага ырахат, жыргал. тартуулайт. Мунун **баары** коомдук практика **жатат**.

Ошентип адабият менен искусствонун аткарган функциясы көп кырдуу. Ар бирине кеңири токтололу.

1. **Коомдук - түзүүчүлүк жана компенсатордук функциясы.**

Мында адамдын иш-аракетин жана өзүн езу алаксытуусун түшүнүү керек. Адабият менен искусствонун аракети аркылуу түзүүчүлүк функциясы төрт жол менен көрүнөт:

1. Керкем чыгарма адамга вдеалык-эстетикалык жактан таасир берет;

2. Адамды бир максатка багыттап адабият менен искусство коомдун социалдык түзүлүшүн камсыз кылат;

3. Чыгармачылыктын өзү бул ишмердүүлүк, иш-аракет, ал бир нерсени жаратат, турмуштук материалдык образы аркылуу керкВм дүйнө жаратат;

4. Адабият менен искусствонун жардамы менен курулуш материалдары иштелет, алардан образдарды жаратууга болот. Скульптура, картина, поэма, симфония - бул мрамор, краска (боек), сез өнөрү, үн.

Белгилүү француз эстетиги М. Дюфрен адабият менен искусствонун социалдык маанисин белгилеп, анын компенсатордук, өзүн-өзү алаксытуучулук функциясын ачкан. Бул адамдын жан-дүйнөсүнүн гармониясын иллюзия аркылуу камсыз кылуу дегендик.

*2,* Адабият менен **искусствонун таанып билүүчүлүк евристикалык функциясы.**

Платон ез мезгилинде өсүп өнүгө турган мамлекеттен чыныгы чыгармачыл инсандарды кууп чыгуу керек деп эсептеген, жадесе Гомердин өзүн да. Платон үчүн адабият менен искусство - идеяны берүүнүн эн бир төмөнкү формасы. Материалдык буюмдар - идеялардын көлөкөсү. Адабият менен искусство - бул материалдык буюмдардын көлөкөсү, демек, ал , көлөкөсүнүн көлөкөсү. Ошентип идеализм философиялык ой-жүгүртүүнүн башатында адабият менен искусствонун таанып-билүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрүнө шек келтирет. Гегель үчүн да адабият менен искусство чындыкты таанып-билүүнүн, андоонун теменку формасы болгон, ал үчүн философия, дин адабият менен искусстводон жогору турган.

Бирок, адабият менен искусствонун таанып билүүчүлүк мүмкүнчүлүгү абдан эле чексиз, аны адамдын руханий турмушунун башка сфералары менен алмаштырууга болбойт. Ф. Энгельстин түшүнүгү боюнча Бальзактын романдары аркылуу француз элинин турмушу жөнүндө тарыхчылардын, экономисттердин, статистердин эмгектерине Караганда көбүрөөк билүүгө болот.

Турмуштун илим ача албаган жактарын адабият менен искусство ачат. Айталы, суунун илимий (химиялык) формуласы $H_2O$. Бул формулада суунун жашоо закону гана берилген. Анын эстетикалык өзгөчөлүгүн формулага сыйдырууга болбойт. Адабият менен искусство аркылуу ар бир эски нерседен жаңыны табууга болот. Толстой өзүнүн романдарында *«Адамдын жан-дүйнөсүнүн диалектикасын»* ойлоп тапкан. Адабият менен искусствонун көркөм адабият, кино, театр, балет, цирк сыяктуу түрлөрүн коз менен көрүүгө да болот, ал эми музыка, кино, театрды угуп да таасир алууга болот. Бул аркылуу искусство чыгармаларынын элестүүлүк касиетке ээ экендигин баса белгилөөгө болот.

«Кар үстүндө, бут кийимсиз, үшүп турдун калтырап, жылуулук жок, кок муштумдай денеңде, алың келбей, мен үшүдүм дегенге»

Алгачкы эки сап элестүү образды берди. Үчүнчү, төртүнчү сапта ал ойго эч нерсе кошумчалай алган жок, элестүүлүк үчүн ошол эки саптын өзү жетиштүү, башкасы ашыкча. Бирок, искусство үчүн кийинки саптар зарыл, алар ырдын, ойдун жогорку көркөмдүүлүгүн арттырып турат.

Адабият менен искусство билим берүү, агартуу каражаты, ал аркылуу тажрыйба алмашууга болот. Чернышевскийдин сөзү менен айтканда «Адабият турмуштун окуу

ютебв». Адабият менен искусствону таанып билүүчүлүк информациясы кеңири, ал аркылуу турмушту таанып билебиз.

3. Адабият менен искусствонун көркөм концептуалдык функциясы.

Мында дүйнөнүн абалын анализдөөдө адабият менен искусствонун кызматы жөнүндө түшүнүү керек. Гегелдин түшүнүгү боюнча адабият менен искусство абасалюттук идеяны ачуунун төмөнкү формасы жана чындыкты таанып билүүнүн начар формасы катары философия менен динге баш ийет. Ал өзүнүн *«Эстетика»* деген эмгегинде *«Дин чындыктын өзү болгондуктан адабият менен искусствого негиз болуп берет»*, - деп жазат. Бирок, адабият менен искусство чыгармалары илимге, философияга, динге иллюстрация болуп бербейт. Сүрөткер турмушка болгон өзүнүн байкоосун көркөмдөп белгилүү бир системадагы концепцияны түзөт. Демек, адабият менен искусство концептуалдуулукка жакын, ой жүгүртүүнүн глобалдуу масштабына умтулат, дүйнөлүк проблеманы, абалды андайт. Сүрөткерди анын каарманын да, жалпы адамзаттын да тагдыры ойлонтот, ал тарыхый кен масштабда ойлонот, мунун баарын оз чыгармасына салат. Софокл менен Еврипит болмуштун (бытие) табышмактарын чечишкен. Дантэ *«Божественная комедия»* чыгармасында Ааламдын моделин түзгөн. Шекспир дүйнөнү толук чагылдырат, Вольтер философиялык повестти өнүктүргөн. Лексинг өз пьесаларында инсан менен коом проблемаларын көтөргөн.

Гете өзүнүн *«Фаустунда»* адам жана адамзаттын терең концепсиясын түзгөн. Бетховен, Загнер, Мистановичтин музыкасы канчалык терен философиялуу, Микеланджелонун скульптурасы, Рембранд менен Рафаэлдин живописи, Эйзенштейн, Феллини, Тарковскийдин кинолору адабият менен искусствонун жогорку көркөмдүүлүгүнөн кабар берет.

4. Адабият менен келечекти көрүү, сезүү функциясы.

Байыркы грециядагы Трон шаарынын өркүндөп, гүлдөп турган мезгилинде анын кыйрап жок болушун Кассандра алдын ала билген. Адабият менен искусстводо мындай касиет *«Кассандралык башталыш»* деп аталат. Адам интеллекта өзүнүн жашап турган мезгилинен кыйла алдыда жүрөт, анын ой жүгүртүүсү индуктивдүү мүнөзгө ээ деген ойду айтат белгилүү философ Юм. Бирок, нейрофизиология менен психология илимдери адам индуктивдүү жол менен эмес, божомолдун жардамы менен келечекти аныктоого болорун далилдеди. Окумуштуу келечекке прогноз жасайт, сүрөткер аны образдуу элестетет. Фантастикалык, утопиялык, антиутопиялык, социалдык-прогноздук чыгармалар ошондон улам жаралат.

Жюл Верндин романындагы *«Наутилиус»* суу астында жүрүүчү лодка 80 жылдан кийин гана жаралган. Космоско учуу, лазер жарыгы *«Из пушки на Луну», «Аалита»*, *«Гиперболоида инженера Гарема»* деген чыгармаларда мурун эле берилген эле. Адабиятта Кассандранын духу жашап келет. Ф. Кафканын *«Процесс»,* Томас Манндын *«Доктор Фаустус»,* Ч.Айтматовдун *«Кассандра тамгасы»* романдары, М.Горькийдин *«Песнь о буревестнике»* деген ыры боло турган окуянын чыгарма аркылуу алдын-ала айтуу адабият менен искусствого мүнөздүү көрүнүш.

З.Мальковскийдин сатираларында келечектен форфор аял келип, каармандарды *«Мезгил машинасы»* менен алып кетет.

Адабият менен искусстводогу келечекти алдын-ала көрүү, сезүү - бул образдык ой жүгүртүү менен келечекке секирүү дегендик.

5. **Информациялык коммуникативдик функция.**

Мында адабият менен искусство **чыгармаларынын маалымат берүүчүлүк касиети** жана **анын карым-катнаштын каражаты** катары **милдетин түшүнүү** керек.

Адабият менен искусство - кврkем **байланыштын, карым - катнаштын** каражаты, анын тил менен **байланышын** Г. **Лесстннг,** И. Гердер, А. **Потебня сыяктуу эстетиктер белгилешкен.** Анын **коммуникавтивдуулугу семиотикалык (белгилердин системасы) мүнөзгө** ээ.

Бий, живопись, архитектура, скульптура, **декоративдик** искусство ар **[illegible]туу берилген** информация тил менен, **сөз** менен берилгенге Караганда кыйла **жеткиликтүү, айрыкча бөлөк улуттагы адамга. Кадимки айтылган сөзгө** Караганда адабият **менен** искусствонун тили менен **кеңири, сапаты** да **жогору, көркөм,** кооз, **ийкемдүү, эмоционалдуу.**

Адабият менен искусство **калктарды, улуттарды** бири менен бирин **жакындатат,** ошон **үчүн** бир елкеде **экинчи** бир **өлкөнүн элдеринин маданий күндөрү өткөрүлөт. Байыркы замандарда эки уруу** бири-бири менен **элдешкенде майрамдап, бийлешкен, ырдашкан. Саясатчылар** XVIII **кылымдын аягында** XIX **кылымдын башында Италияны майда өлкөлөргө,** графство, **княжестволорго бөлгөндө** адабият менен искусство **неополитандарды, римляндарды, рамарддиосттарды жакындатып, өздөрүн** бир **улут** катары **сезүүгө көмөктөшкөн, шарт түзгөн.** Байыркы Русь **мамлекетиндеги элдердин бытыраңдылыгы,** немис **элинин биригишине патриоттук духтагы** поэзме **себепкер болгонун тарыхтан** билебиз.

6. Адабият **менен искусствонун таалим-тарбиялык функциясы.**

Мында адабият менен искусство чыгармалырыныш **катарсыз** катары касиетин жана **толук** кандуу **инсанды калыптандыруудагы** маанисин **түшүнүү** зарыл. Адабият менен искусство адамдын **сезиминин** жана **ой-жүгүртүүсүн ырааттуулугун калыптандырат. Эгерде коомдук аң-сезимдин** башка **формалары** бир **гана функцияны аткарса, айталы, мораль-адеп-ахлак нормаларын, саясат-саясий-идеологиялык түшүнүктү, философия-дүйнө таанымды, илим-адистикти калыптандырса,** адабият менен искусство адамдын **акылын** да, жан **дүйнөсүнө таасир** берет, демек, **толуккандуу** инсанды **тарбиялайт.**

Байыркы грек **даанышмандарынын түшүнүгү** искусство **адамды тазалайт.** Б.з.ч. IV **кылымдарда** эле Аристотель **өзүнүн** ***«Поэтика»*** **аттуу эмгегинде** эстетика **илимине** ***«карарсиз»*** **жобосун** (категория) **киргизген.**

Адабият менен искусствонун **катарсиздик-компенсатордук функциясы** негизги 3 **аспектиден турат: Гедонисттик-алаксытуучулук, компенсатордук** жана **катарсиздик.** Адабият менен искусствонун катарсиздик (адамдын жан **дүйнөсүн** тазартуучу) жана компенсатордук (адамдын **руханий гармониясын түзүүчү) функциялары** инсанды **тарбиялоочу** жана **калыптандыруучу аспектилерине негиз болуп** берет.

7. **Адабият менен искусствонун ынандыруучулук** функциясы.

Мында адабият менен искусство **чыгармаларынын** адамдын **аң-сезимине,** анын **терең түшүнүктөрүнө** таасир **этүүчү, ынандыруучу** (суггестия) **күчүн түшүнүү** керек. Адабият менен искусство **чыгармалары** дээрлик **гипноздук күч** менен адамдын **психикасына** таасир берет. **Айрым чыгармалардын баш айлантма касиети да** жок **эмес.** Суггестия **алгачкы общиналык** коом адабият менен **искусствосуна мүнөздүү болгон.** Кужурмен уруулар кандуу согуштан мурунку **түнү** уктабай ыр, бийлери менен **өздөрүнө тайманбас** дух **чакырышкан.** Байыркы грек **мифинде айтылат: көп жылдык** согуштан **алсыраган спартандыктар** жардам **сурап афиналыктарга кайрылышкан. Афиналыктар шылдыңдап** , аскер **жөнөткөндүн ордуна** аксак музыкант **Тиртейди жөнөтүшөт. Бирок,**

ошонун өзү чоң жардам болуптур, Тиртей өзүнүн таасирдүү ырлары менен спартандыктардын кужүрмөн духун көтөрөт, ошентип душманын жеңишет.

Индиянын көркөм маданиятынын өзгөчөлүктөрүн изилдеп келип К.К. Панди *«Чыгарма ынандыруучу касиетке ээ болбосо, ал искусство эмес»* деген пикирин айтат. Храмдардын архитектура адамдын кудайга айлануусуна түрткү болот. Фольклордогу кайгы-касиеттерин, каргыштын маңызы-ынандыруу .

Ынандыруу – адабият менен искусствонун функциясы, ал тарбияга жакын, бирок ага окшобойт, искусствонун суггестивдик функциясы кайчылаш учурларда чоң роль ойнойт, функциялардын жалпы системасында да чоң мааниге ээ.

**8. Адабият менен искусствонун эстетикалык функциясы.**

Мында адабият менен искусствонун чыгармачыл дух менен максаттуу багытты калыптандыруучу мүмкүнчүлүгүн түшүнүү зарыл.

Болжол менен бешинчи кылымдарда индус акыны Калидаса адабият менен искусствонун төрт максатын белгилеген: кудайды суктандыруу; айлана-чөйрөнүн жана адам турмушунун образын түзүү; эстетикалык сезимдин (комизм, сүйүү, кайгыруу, коркунуч) жардамы менен канааттандыруу; кубаныч, бак-таалай, асылдыктар аркылуу ырахат тартуулоо. *«Адабият менен искусствонун максаты адамдын жан дүйнөсүн тазалоо, аны шыктандыруу, аны жаман нерселерден сактоо, анучун ал асылдык касиетке ээ болуш керек»* деп жазат.

Эстетикалык функция – адабият менен искусствонун эч нерсе менен алмаштыргыс касиети. Ал, биринчиден, адамдын муктаждыгын, жөндөмүн жана эстетикалык табитин калыптандырат. Экинчиден, ал аркылуу адамга жашоодо максаттуу багыт берет. Үчүнчүдөн, адамдагы чыгармачылык духту, илхамды пайда кылат.

Адам үчүн утилитардык предметтердин (стол, люстра, мебель, килем) пайдасы жетишсиз, алар үйдөгү кооздукту түзүшү керек. Альберт Эйнштейндин пикири боюнча илимий чыгармачылыкка адабият менен искусствонун таасири зор. *«Ар кандай илимпозго караганда мен Достоевскийден көбүрөөк пайда алам»* - деп жазат, ал.

Адабият менен искусствонун эстетикалык функциясы инсандын социолизацияланышын камсыз кылат, анын чыгармачыл активдүүлүгүн калыптандырат. Бул функция коомдук аң-сезимдин башка формаларын милдетине жана адабият менен искусствонун башка функцияларына негиз болуп берет.

**9. Адабият менен искусствонун гедонисттик функциясы.**

Адабият менен искусствонун ар бир чыгармасы адамга ырахат, жыргал тартуулоо касиетке ээ. Байыркы гректер эстетикалык рахаттын руханий күчүн белгилешип, ал дене жыргалынан жогору коюшкан. Адабият менен искусствонун гедонистт функциясы төмөнкүлөрдүн негизинде өнүгүп-өсүп отурду: биринчиден, сүрөткер эрк чыгармачыл инсан, ал дүйнөнү өз эркиндей кабылдайт, өз эркиндей аны чагылдырат, ошол эркиндик менен ырахаттанат. Экинчиден, сүрөткер адамзат өздөштүрү кубулуштарды салыштырат, алардын эстетикалык баалуулуктарын, нарк-насилин ач Үчүнчүдөн, көркөм чыгармадагы форма менен мазмун гармониялык биримдикке кел Төртүнчүдөн, көркөм реалдуулук ыраатталат жана кооздуктун мыйзамдары тизмектелет. Бешинчиден, чыгармачыл окуган, көргөн адам да, аны жараткан адам таасирленет, бир нерселерге шыктанат, ойлонот, алаксыйт, ырахаттанат. Алтынчыд көркөм чыгармачылык адам ишмердүүлүгүн моделдештирет, оюн формасындагы алак адамдын жан дүйнөсүнө таасир берет.

Көркөм чыгармачылык адамга жашоо жөнүндөгү чындыкты ачат, кооздуу сулуулукту ачууда кубаныч тартуулайт, адам өзүн өзү баалоо деңгээлине жетет. Адам

чарчоосу каныш, келечекке болгон үмүт-тилегинин ишке ашышына зор мүмкүнчүлүктөр айтылат, ал социалдык активдер индивидге айланат.

## АДАБИЯТТАР


1. Борев Юрий.Эстетика.-Москва:Политиздат, 1988, 8-30 схр.
2. Эстетика. Словарь, под.ред. А.Беляева, Л.Новшовой, З.Толстых Москва; Политиздат, 1989.
3. Бахтин М.М. Эстехика словесного хворчесхва. Москва, 1979.
4. Поспелов Г.Н., Искусство и эстетика. -Москва, 1984.
5. Тейлор Эдуард. Первобытная культура.-Москва. 1939.
6. Лосев А.Ф. История античной эстетики. Аристотель и поздняя классика. Москва, 1975.
7. Лало Ш. Введение в эстетику. —Москва, 1915.
8. Ленин В.И. О литературе искусстве. -Москва, 1979.
9. Абрамович Г.Н. Введение в литературоведение. -Москва, Просвещение, 1979.
10. Шириев Ж., Муратов А. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү. Бишкек, Кыргызстан, 1994.
11. Турдугулов А.Т. Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгы. -Бишкек, Кыргызстан, 1996.
12. Борбугулов М. Адабият теориясы. -Бишкек, Кыргызстан, 1996.


Ибраимов К.

## БАТА, ТИЛЕК АЙТЫМДАРЫ

*Оозеки чыгармачылыкта изилденбей келаткан жанр жөнүндө ои толгоо, келечек фольклорицика илиминин бир багытына багыт берет. Атаман тема — бабалардан келаткан элдик накыл свз казынасы.*

Соз касиетине чындап ишенип, кандайдыр бир сырткы күч тилекти кабыл кылып, каалаганыңды берет деген түшүнүктөн улам пайда болуп, кыргыз фольклорунда бүгүнкө чейин сакталып келген бата-тилек сөздөрү аз эмес. Баха берип, ак тилек тилөө качанкы замандардан келаткан бабалар мурасы экени ырас. Баха өзүнүн мазмуну жагынан болсун, максаты жагынан болсун элдин өткөргөн өмүрү, баскан жолу менен үндөшүп, ага шайкеш келип турат. Андагы айрым бир жагдайларга назар салсак түпкү теги шамандык доорлордон эле башталган сыяктанат. Алсак, «Теңир жалгасын», «Кек урсун» ж.б. Ал эми бата свздерде учураган дубалар менен дин сездеру кийинки мусулманчылык экендиги белгилүү. Ал гана эмес «бата» деген сөздүн өзү да арабдын «фатиха» - «ачуучу», «баштоочу», «ачылыш», «башталыш» дегендей сөздүнөн алынган. Өтмө мааниде кайсы бир иш-аракет башталарда же бүткөндө айтыла турган сыйынуу сөзү.

Бата-тилек, алкыш, каргыш сөздөрү кыргыз элинин өз үрп-адатына ылайыктапшп, элдин турмуш-тиричилик тажрыйбаларынан улам келип чыккан. Баталар мазмунга бай, ар-түркүн келет. Бир-эки үлгү келтирели:

*Эки аяктууну эсен кыл,*
*Төрт аяктууну түгөл кыл.*